УДК 338.24
DOI 10.58649/1694-8033-2025-1(121)-220-224

**ИСКАКОВ И.И., ИСКАКОВА Э.И.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ИСКАКОВ И.И., ИСКАКОВА Э.И.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ISKAKOV I.I., ISKAKOVA E.I.**
KNU named after J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУНУН СЕБЕПТЕРИ

# ПРИЧИНЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ТЕНЕВОЙ ЭКОНОМИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# REASONS FOR THE EMERGENCE OF THE SHADOW ECONOMY IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын заманбап мезгилиндеги көмүскө экономиканын пайда болушунун негизги себептери каралат. Ошого байланыштуу өткөөл мезгилдеги кыйынчылыктар, мамлекеттин жүргүзгөн социалдык-экономикалык саясаты сын көз менен каралып, социалистик менчикти мамлекеттен ажыратуу процессиндеги терс процесстер каралат. Албетте, көмүскө экономика жон жерден эле Кыргызстандын трасформациялык мезгилинде пайда болушу мумкун эмес болчу, ага социализм убагында түптөлүп, жетиштүү деңгээлге чейин өнүккөн көмүскөдөгү процесстер көмөкчү болгон. Ал эми заманбап, республиканын базар экономикалык мамилерине отүү мезгилдеги ишкердикти уюштуруусунда терс көрүнүчтөрдүн бири болуп көмүскө экономика чыга келди.

**Аннотация:** Данная по своей структуре краткая, но по содержанию достаточно емкая статья посвящена краткому анализу состояния развития теневой экономики в условиях становления рыночной системы хозяйствования в республике. Как свидетельствует само название теневая, по существу является негативным экономическим феноменом общества, развивающегося вопреки существующим норматиным и правовым актам государства, нахоясь в состоянии ненаблюдаемости и скрытости по крайней мере от надзора и контроля органов государственной власти. Смыслом ее существования, наряду с официальной экономикой, как доказано практикой человеческого общества, является получение незаконной выгоды, прибыли путем невыплаты соотвествующих отчислений в виде налогов и социальных отчислений государству.

**Abstract:** This short but rather comprehensive article is devoted to a brief analysis of the state of development of the shadow economy in the context of the formation of a market economy in the republic. As the name itself indicates, shadow economy is essentially a negative economic phenomenon of a society that develops contrary to existing norms and legal acts of the state, remaining in a state of unobservability and concealment, at least from the supervision and control of state authorities. The reason for its existence, along with the official economy, as proven by the practice of human society, is to obtain illegal benefits and profits by not paying appropriate deductions in the form of taxes and social contributions to the state.

**Негизги сөздөр:** көмускө экономика; коорупция; салык; ички дүн продукция; улуттук экономика; эмгек ресурстары; ишкердик.

**Ключевые слова:** теневая экономика; коорупция; налоги; внутренний валовой продукт; национальная экономика; предпринимательство.

**Keywords:** shadow economy; corruption; taxes; gross domestic product; national economy; entrepreneurship.

Белгилүү болгондой, СССР кулагандан кийинки биздин республиканын экономикасы өтө оор абалда калып, ошондон берки мезгилде кризистен толук чыга албай келет. Буга көптөгөн комплекстүү себептер болду, бирок алардын ичинде негизчилерден болуп көмүскө экономика, анын өсүү динамикасы, көлөмү, ар кандай формаларынын пайда болушу саналат. Заманбап мезгилде жалпы эле мамлекеттин ички дүн продукцияда (ИДП), улуттук экономиканын жалпы структурасында ээлеген орду өтө эле чоң болуп сакталып келет. Негизинен расмий булактардын билдирүүсү боюнча азыркы мезгилде байкалбаган экономиканын көлөмү ИДПнын 40 пайызын жакынын ээлейт жана ал ишмердик чөйрөсүндө, экономиканын негизги тармактарына тараган. Бул негативтүү экономикалык процесс дагы бир коомдо өзүнүн жетиштүү деңгээлде ээлеген коррупция менен бирдикте мамлекеттин экономикалык эле эмес, улуттук коопсуздугуна чоң залал келтирген факторлордон болуп сакталып келет.

Негизинен эле көмүскө экономиканын социалдык-экономикалык маңызына кыскача токтоло кете турган болсок – бул жарандар менен мамлекеттин ортосундагы чарба жүргүзүү процессиндеги ар кандай мамилелер. Бирок анын негизги өзгөчөлүгү болуп ал мамилелердин жашыруун, коомго байкалбай жана мамлекет кабыл алган мыйзамдарды бузуу, сактабаганы менен мүнөздөлүп, терс мааниге ээ болуп саналат. Булар болсо ишкердик чарба жүргүзүүдө түшкөн жана алынып жаткан кирешени жашырып, мамлекетке ар кандай төлөмдөрдү, анын ичинен негизгиси салыктарды төлөбөй койгон болуп саналат. Заманбап мезгилде, жеке эле биздин мамлекетте эмес, дүйнөлүк адамзат коомундагы өнүгүү процессинде көмүскө экономика системалык мүнөзгө айланып, өтө терс жана басымдуу залалын тийгизип, көптөгөн кызыкчылыктардын карама-каршылыгына (конфликт) алып келип жатат. Ошондуктан жалпы мааниде алганда көмүскө чарба жүргүзүү, көмүскө экономика өзүнүн маңызы жана мааниси боюнча мыйзамсыз иш чара уюштуруу, жүргүзүү болуп саналат. Дегеле адамзат коомунда эзелтен бери пайда болуп, өзүнүн орду боюнча дүйнөлүк экономиканын тарыхында жетиштүү денгээлге чейин өнүгүп-өсүп ар дайыма терс жагынан мүнөздөлүп сакталып келет.

Өзүнүн тийгизген залалы боюнча көмүскө экономиканын өтө эле зор, себеби өзүнүн иш-аракетин ар дайым коомго каршы келген, негизинен криминалдык механизмдер жана жолдор менен киреше алуу болуп саналат. Адамзатттын тарыхы көрсөткөндөй, андай жол менен негизинен эле колунда байлык жана бийлик бар коомдун катмарындагы кээ бир адамдар ишке ашырат. Алар болсо көмүскө ишмердигин уюштурууда кызматтык ал-ахвалын, ар кандай байлык булактардын, тааныш-билиш, тууганчылык, жердештиктин жана башка укуктан тышкаркы механизмдер менен иш-аракетин жүргүзөт. Негизинен алар алган кирешеге салык, ар кандай социалдык төлөмдөрдү жүргүзбөйт, көмүскө эмгек ресурстарын пайдаланышат, чет өлкөлөргө, оффшордук зоналарга мыйзамсыз тапкан байлыктарын мамлекеттин көзөмөлүнөн качып алып кетүүгө аракеттенет жана иш жүзүнө ашырат. Кыргызстан боюнча бүгүнкү күндө эки жүздөн ашык мурунку бийликте турган атка минерлер, депуттаттар, малекеттик кызматтын ар кайсы катмарында тургандар, ал тургай экс-президенттер жеке эле өзүлөрү үй-бүлөөлөрү менен кетпей байлыктарын көтөрө кетип чет өлкөлөрдө жашап жатышат. Алардын негизинен көпчүлүгү өз мезгилинде бийликте тургандар, байлыкты тескеп кол салгандар, жемкорлор, элдин ырыс-кешигин жегендер, көмүскө иштер менен алектенгендер, чет өлкөлөрдө жашап, алып кеткен байлыктарын бизнеске салып, аны көбөйтүп жашап жүрүшөт,

өзүлөрүнүн мекенине келе албай зар болуп. Бекеринен эмес да: мурунку бир президент кайра келүүгө далбас уруп жүрсө, ал эми кээ бир мурунку мамлекеттик кызматта жүрүп, мүмкүн болушунча уурдап-жеп, кылмыш иш козголгондо чет өлкөгө чыгып кетүүгө уруксат сурангандар.

Мына ушундай шарттарда экономикалык системадагы көмүскө секторго болгон мамлекеттик саясаттын эң басымдуу багыты болуп анын көлөмүн мүмкүн болушунча азайтып, чарба жүргүзүп жаткан тараптардын көзгө көрүнбөй алып жаткан кирешелерин легалдаштырып, республикалык бюджеттин көлөмүн мүмкүн болушунча толуктоо болуп саналат. Бул жаатта азыркы мезгилде кыргыз аткаруу бийлигинин жүргүзүп жатка иш-чаралары бир топ эле алгылыктуу деп эсептесе болот. Мисалы, жашыруун капиталды легалдаштырууга, көмүскөдөн эч кандан жоопко тартылбай чыгарууга атайын Президенттин буйругу менен уруксаат берилди, салык системасындагы бир топ жоболор, процедуралар жөнөкөйлөштүрүлдү, физикалык жана юридикалык тараптардын кээ бир салыктардын түрлөрүнүн көлөмү, ченемдери төмөндөтүлдү, контролдук-кассалык аппараттар соода процессине киргизилип, товардык чек системасы иш жүзүндө орун алды. Албетте, республиканын Министрлер кабинетинин бул багытта кабыл алган саясаты иш жүзүнө оор шартта ишке ашып, көптөгөн объективдү, а негизинен субъективдүү себептер тоскоол кылып жатат. Көмүскө чөйрөдө көбүрөөк киреше алган чарба субъектилер, ар андай сферада иштеген ишкерлер өндүргөн кирешелерин мамлекет менен бөлүшкүсү келбегендердин катмары көбүрөөк болуп жатат. Мындан тышкары көмүскө экономика менен күрөшүүдө мамлекеттик органдарынын ресурстары, уюштуруу механизмдери, кадрлардын сан жана сапат жагынан төмөндүгү, толук кандуу тажырыйбанын жетишсиздиги, дегеле нормативтик – укуктук базадагы мүчүлүштүктөр, кемчиликтер республикада орун алып келет. Ошондуктан мамлекеттин расмий экономикасындагы көмүскө, формалдуу эмес өндүрүштүк иш-чаралардын орду жогорку деңгээлде экенин далилдеп турат, бул процесстерди укуктук багытка буруу өтө эле кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат.

Кыргыз улуттук экономикасындагы формалдуу эмес сектордун бүгүнкү орду менен эсептешпей коюга болбостугун эч ким эч качан танбайт жана кайдыгер мамиле кылбашы керек экендиги баарыбызга белгилүү [1]. Себеби көмүскө экономика менен коррупция биргеликте коомдун негативтүү, элдин жашоосун керектүү денгээлге жеткизүүдө өтө эле чоң терс таасирин тийгизип тоскоолдук кылып жаткан процесстерден болуп саналат.

Дегеле, Кыргызстандын заманбап мезгилде социалдык-экономикалык, ал тургай саясый өнүгүүсүндөгү кыйынчылыктар, көмүскө экономика менен коррупциянын жогорку ылдамдык менен гүлдөп өсүшүнө, элдин массалык түрдө жакырчылыкка дуушар болушу, өткөөл мезгилдеги мамлекеттик башкаруу системасындагы кетирилген кемчиликтер, мүчүлүштүктөр себеп болду десек жаңылышпайбыз [2]. Эгемендүлүктүн баштапкы мезгилиндеги мамлекеттик менчикти, дегеле кыргыз коомунда социализм мезгилинде пайда болгон жана топтоштурулган байлыктарды менчиктештирүү (приватизация) процессинде бийликтин эч кечиримсиз кетирген саясий кемчиликтери бүгүнкү күнгө чейин өзүн билгизип келет. Эч тынымсыз иштеген завод жана фабрикалар, дүркүрөп өскөн колхоздор менен совхоздор, миллиондоп саналган мал – жаныбарлар тез аранын ичинде жок болуп, элдин жашоосунун деңгээли эч күтүүсүз түшүп кетиши албетте, республиканын жогорку бийлигинин өткөөл мезгилиндеги жүргүзгөн дараметсиз саясатынын кесепети болуп эсептелет. Муну эч ким тана албайт, айрыкча дүйнөлүк коомчулук, ал эми ошол оор күндөрдү, бүгүнкү күнгө чейин уланып келген кыйынчылыктарды кыргыз эли эч качан унутпайт, себеби ал өтө эле жогорку деңгээлдеги жакырчылыкты башынан өткөрдү. Мамлекетте болгон бир социалистик экономикалык системадан экинчи базар

экономикалык түзүлүштөгү өткөн мезгилдеги трансформациялык процесстер жеке эле Кыргызстан эмес, мурунку союздук мамлекеттин курамындагы элдер үчүн да өтө эле оор сыноо болуп калды. Албетте, алар түрдүү шартта, кийинки өнүгүү – өсүсүндө ар кандай денгээлде өтөөл мезгилди баштарынан кечишти, бирок биздин мамлекет үчүн ошол мезгил өтө эле баш аламандык, эч кандай актоого жатпаган саясий-экономикалык кадамдар, социалдык кыйынчылыктар менен коштолуп, ушул убакытка чейин анын түшүмүн башыбыздан кечип келебиз. Ошолордун бирден бир белгилеринин катарында, өткөөл мезгилден баштап түптөлүп, ал эми заманбап мезгилде жогорку денгээлге чейин өнүгүп жеткен ишкердиктин көмүскө экономикасы менен мамлекеттик кызмат системасындагы коррупция болуп эсептелет.

Ошентип, өткөөл мезгилдин башынан эле базар багытындагы улуттук экономиканын өнүгүү реформалары кризис процесстери менен коштолуп, стабилдүүлүктүн жоктугунан чарба жүргүзүү, өндүрүштү коммерциялык уюштуруу процесстери мыйзамсыз багытка бурулуп, алардын жабык же болбосо көмүскө абалга кетүүгө аргасыз кылган. Себеби жаңы жаралып, пайда болуп келе жаткан ишкерлердин башка тандоо жолу жок эсеге барабар болгон, ал эми ошол мезгилдеги мамлкеттин салык саясаты да эч кандай өндүрүшчүлөр үчүн оптималдуу болуп эсептелген эмес, алардын тапкан пайдасынын алтымыштан ашык көлөмүн ар кандай салыктын түрлөрү катары төлөп туруш керек болчу. Албетте, бара-бара расмий экономика да өнүгө баштап, өндүрүш жандана баштаган, бирок көмүскө ишкердик өтө эле түптөлүп тереңдеп кеткен, коомдо өтө бай адамдар пайда боло баштайт, алардын көпчүлүгү байлыктарын коомчулуктан жашырып, негизинен криминалдык, мыйзамдан тышкары багытта пайдаланышкан (контрабанда, наркобизнес, финансылык пирамида ж.б.).

Жалпы мүнөздөп алганда заманбап Кыргызстанда көмүскө ишкердиктин структурасы төмөнкүлөрдөн турат: байкоо жүргүзүлбөгөн, ал болсо мамлекеттин статистика органдарына катталбаган жана тапкан пайдасы декларациядан өтпөгөн. Экинчиси – формалдуу эмес экономика – бул болсо үй-бүлөөлүк чарба жүргүзүү жана айыл чарбасындагы өндүрүш процесси, мүнөзү боюнча жарым – жартылай ачык, бирок толугу менен эсептөөгө алынбайт. Акыркысы – бул легалдуу эмес, толук жабык жана накта көмүскө мүнөздө иш-аракеттерди жүргүзүү, эч кандай лицензияланбаган жана малекеттин укуктук нормаларын сактабаган багытта өнүккөн (контрабанда, наркобизнес).

Кийинки эле 2000-2023 жылдардагы республиканын ички дүң продукциясы (ИДП) менен жалпы көмүскө экономиканын көлөмү салыштырмалуу алсак ал төмөнкүдөй:

2000-ж. – республиканын ИДПсы 65,3 млрд. сомду түзсө, ал эми көмүскө сектор 161, 3 млрд. сомго барабар болгон (247%);

2010-ж. – ИДП 220,3 млрд. сом., көмүскө экономиканын көлөмү 408,1 млн. сомду түзгөн (294%);

2020-ж. – ИДП 601,8 млрд. сом. болсо, көмүскө 666,8 млрд. сомго барабар болгон (111%);

2023-ж. – болсо ИДП 1 трлн. 228,9 млрд. сом. түзсө, ал эми көмүскө экономиканын көлөму 561,8 млн. сомду түзгөн (46%) [3].

Ал эми бүгүнкү күндө официалдуу булактарга таянсак, 2024-ж. көмүскө экономиканын көлөмү орто эсеп менен 40% тегерегине чейин түштү.

Келтирилген булактардан жалпысынан позитивтүү жыйынтык чыгарса болот, себеби кийинки 3 жылда мамлекетте көмүскө ишкердикти легалдаштыруу, жашыруун сектрордон чыгаруу боюнча көптөгөн алгылыктуу иш чаралар кабыл алынып жана иш жүзүнө ашып жатканы жалпыга маалым.

**Колдонулган адабияттар**

1. Койчуев Т. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын академиги (Тандалган чыгармалары Б., 2017, 165 б.)

2. Искаков И., Жанекова А.Теневая экономика и коррупция в Кыргызстане. – Бишкек, 2017, 78-б.

3. Улуттук статистика комитенин сайтынан алынды.

4. КР Финансы, Мин. сайты: https://www.gov.kg/ru/npa/s/273

5. КР Экономика и коммерция, Мин. Сайты: https://www.gov.kg/ru/npa/s/4331

**Рецензент: э.и.к., доцент Усенов Э.К.**